# З.Кадыркулова атындагы орто мектебинде
# 2021- 2022 о.ж. тарбия иштеринин алып барылышынын жылдык анализи

З.Кадыркулова атындагы орто мектебинде 2021-2022 о.ж.тарбия иштери жалпы мектептин иш планынын негизинде түзүлгөн .
Жалпы мектептин максатынын негизинде окуу билим процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу, анын негизинде мектеп бүтүрүүчүлөрдүн конкуренттүүлүгүн көтөрүү тарбия иштеринде төмөнкү максаттары коюлду:
- окуучунун ар кандай функцияналдык, инсандык Патриоттук касиеттерин өнүктүрүү аркылууул уттук сезимдерин баалуулуктарын кабылдоого даярдоо; окуучулардын өз алдынча таанып билүү иш – аркетин калыптандыруу менен аларды нөнүгүүсүн камсыз кылуу;
Коомдук жана үй- бүлөлүк шарттар түзүлсө балдар курбуларына жана улууларга жолдоштук ак ниеттуулук, жакшы каалоолор сыяктуу сезимдерин калыптандыруу.
Ал эми тарбиялоонун маселелеринин бири – окуучуларга өзү менен дүйнөнүн,эл менен дүйнөнүн ортосундагы мамилени таанып билүү ачкычын ачып берүү.

З. Кадыркулова атындагы орто мектебинде ОШ-1боюнча 133 окуучу-башталгыч класста 49 окуучу.Ортоңкузвенодо -84 окуучу,жогорку звено-жок 8 класс комплект окуйт.
Жалпы мектеп окуучулары «Манас жаштар» уюмунун мүчөлөрү:1 баскыч 2-4 класстар«Сейтек» уюму, 2 баскыч 5-9 класстар «Семетей» уюму . Мектептин президенти Токтогазиева Айнази бардыгы 5 министирлиги менен иш алып барууда.
Ушул маселени ишке ашырууда класс жетекчилердин усулдук бирикмеси түзүлгөн.

| Класстар | Класс жетекчининаты-жонү | Предмети |
|---|---|---|
| 2-класс | Шакеева Ж,Э. | Башт.кл. |
| 3-класс | Токтоназарова Л.К | Башт.кл. |
| 4-класс | Исанова Л.Д. | Башт.кл |
| 5-класс | Кайпаева З.С. | Матем |
| 6-класс | Дунганаева Н.Т. | Химия |
| 7-класс | Кенешбек у У | Физика |
| 8-класс | Аккабакова А.Т. | Орус тил |
| 9-класс | Журсуналиева В.Т. | Кыгыз тил |

Ал эми УБжетекчиси Кайпаева З.С. ар бир чейрек сайын УБкеңешмелери өтүлүп,класстагы зээндүү , начар окуучулар менен иш алып баруусу, класстын коомдук иштерге катышуусу, мектептин тегерегин жашылдандыруу, окуучулардын билим дэнгээлинин сапаттуулугу текшерилип, анализденип, жаны чейрекке милдеттер алынып турат.Ар бир класс жетекчи тарбия сааттар боюнча материалдарды топтогон,зээндүү жана начар окуучулар менен иштөө папкасы уюштурулуп, анын негизинде иштер жүргүзүлүүдө. Ар бир класс жетекчи ачык тарбиялык сааттарды өтүштү. Эн жакшы сабактар.Башталгыч класстар арасында «Жолдо жүрсон сак бол,Эрежеге так бол!» жолдо жүрүү эрежелерин сактоо

боюнча белгиленди Токтоназарова Л.Т.Исанова Л.Шакеева Ж.Э. Ошондой эле 5-6-7класстын класс жетекчилеринин тарбиялык ачык сабактары жакшы деп белгиленди.

Окуу жылынын башында «Сактангыла балдар!»айлык иши башталып,планы администрация тарабынан бекитилди.Бул иш чаралардын өтүлүшү боюнча көзөмөлдөө тарбия иштер бөлүмүнүн башчысы Кайпаева З.С.бекитилди.

Бекитилген пландын негизинде ар бир окуучунун күндөлүгүнө үйдөн мектепке чейинки маршруттук схемасы чийилди.Башталгыч 2-3-4класстардын мугалимдери Исанова Л.Д.,Шакеева Ж.Э.,Токтоназарова Л.К «Жол жүргөндө сак бол!Эрежеге так бол!» деген темада окуучуларга ачык сабактарды өтүштү.

Ал сабакта окуучуларга жолдо жүрүү,өрт жана техникалык коопсуздукту сактоо эрежелери менен инструкция өтүлүп,ар бир окуучуга маалымдама берилди.

«Жолдо жүрүү эрежесин ким жакшы билет?» деген темада дене тарбия мугалими Кенешбекуулу Улан 5-9класcстар арасында  конкурс өткөрдү.Анда жол эрежелери боюнча ар кандай учурду окуучулар сүрөттөп,  конкурска активдүү катышышты.

Жеңүүчү деп,6- класстын окуучулары белгиленди.

Күзгү каникулдун астында ар бир класс жетекчишаарга эс алууга,базарга,конокко барган окуучуларга  «Шаарда жолдо жүрүү эрежеси»боюнча тарбия саат өтүлсүн деген максат коюлду.

Түз айылы чон трассадан алыс жайгашкан,бирок жолдо көп автоунаалар жүрот.Ошондуктан айылдын тургундарына жолдо жай ылдамдыкты сактоо боюнча кулактандыруу илинди,автоунаасы бар тургундарга эскертүүлөр жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Окуучуларга нравалык,эстетикалык тарбия берүү максатында бекитилген тарбия план  боюнча төмөнкүдөй иш чаралар өтүлдү:
- 15 ноябрда "Сен укугунду билесиңби?" аттуу ачык тарбиялык саат 6-класстын класс жетекчиси Дунганаева Нуржамал өттү. Сабак сценка менен башталды. Анда ата-энелер да укугун билбестен башка өлкөгө иштеп кулчулукка кабыл болгонуу туралуу окуучулар чеберчилик аткаруу менен көрсөтүштү. Ошондой эле үй-бүлөөдө ата-энелер менен балдардын ортосундагы оң жана терс мамиле  жөнүндө чагылдырды. Окуучуларга укугун жана милдетин так айырмалоого басым жасады. Сабак "Эң жакшы" деп белгиленди.

Ноябрь айынын ичинде мектеп ичинде «Балдар балдарга» аттуу кайрымдуулук ярмаркасы өткөрүлдү.Ярмарка ар бир класстын окуучулары үйүнөн колунан келген тамак-аштарды жасап сатышты.

Ал акчага 2 инвалид окуучуга  жана 11 жарым жетим окуучуга  жылуу свитер, спорт шымдары,топу жана канц.товарлары алынып берилди.

2.12.21 ж. «Биз СПИДке каршыбыз» акциясы жалпы мектеп линейкасында  5-9 класстар арасында болуп өттү.
4.12.21ж. 4-декабрь  майыптар күнүнө карата мектеп окуучулары ярмаркадан чогулткан акча каржаттарына жылуу свитер,топу,шым жана канц.буюмдарды белек кылышты.

12.12.21ж.-Адабият күнүнө карата кыргыз тили жана адабияты мугалими Журсуналиева В.Т..Ч.Айтматов жана А.Осмоновду эскерүү максатында "Айтматовдун ааламы" атту адабий музыкалык кече болуп өттү. Кечеге окуучулар активдүү катышышты.Залкар жазуучулар тууралуу кененирээк маалымат алышты.

16.12.21 ж.Тартиби начар жана сабакты көп калтырган окуучулар менен ИДН кызматкери окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

19.12.21 ж. "Кыймыл ден соолукту чыңалтат"кышкы спорттук оюндар 5-9 класстар арасында болуп өттү.Дене тарбия мугалими Кенешбек у.Уландын жана класс жетекчилердин жетекчилиги алдында кышкы спорттук оюндар боюнча мелдеш өткөрүлдү.Мелдешке дээрлик бардык окуучулар активдүү катышышты.Эң көп упай топтогон класстар. 9-класс кл.жетекчиси Журсуналиева В.Т., 8-класс кл.жет.Аккабакова А.Т.,3-кл.кл.жет. Токтоназарова Л.К.,

7-класс кл.жет. Кенешбек у.У.Кл.жетекчилер жана активдүү катышкан окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланышты.

23.12.21 ж. "Сүйүү-жашоонун мааниси" эрте жашта турмуш куруунун кесепети 5-9 класстар арасында диспут сабак өтүлдү.Сабакка класс жетекчилер жана айылыбыздын медайымы Журсуналиева Э. катышышты.

6 кл.класс жетекчиси Дунганаева Н.Т. турмушка эрте чыгуунун терс жактарын айтып өттү.О.э.жашоо турмуштан алынган тасмалар, слайддар,сүрөттөр, интернеттен алынган маалыматтар айтылды.Окуучулар берген суроого айылыбыздын медайымы Журсуналиева Э. жооп берип жатты.

27.12.21ж. "Жаңы жылдык балаты" майрамына 2-9 класстын окуучулары түзүлгөн графиктин негизинде эң жогорку деңгээлде катышышты.Аяз ата жана аяз кыз болуп 9 кл.окуучулары аткарып беришти.Ошондой эле бардык окуучуларга,класс жетекчилерге ыраазычылык айтылып белектер берилди.

-13.01.21ж.Дүйнө жүзүндө болуп жаткан жугуштуу оорулар боюнча ар бир класс жетекчиге,предметник мугалимдерге,окуучуларга толук маалымат берилип,класстык кабинеттердин санитардык абалына көзөмөл болуу менен бирге кабинеттерди желдетип,хлор менен эмеректерди,полду жууп туруу о.э. "Ден-соолук" бурчун уюштуруу жана маска,самын,бир жолу колдонуучу кагаз сүлгүсү менен камсыздоону кабинет башчыларына жана класс жетекчилерге милдеттендирилди.Бул жугуштуу оорулар боюнча тарбия сааттарды өтүү,ата-энелелерге билдирүү иштери жүргүзүлдү. Класс жетекчилердин II жарым жылдыкка карта түзүлгөн пландары текшерилип,администрация тарабынан бекитилди.

-14.02.22 ж.Афган согушунун ардагерлери менен жолугушу өткөрүлдү. Жолугуушуга Афган согушуна катышкан Бобушев Жеңиш,Боромбаев Турусбек байкелерибиз келип,окуучулардын суроолоруна жооп беришти.

-23.02.22 ж.Ата Мекенди коргоо күнүнө карата "Милдет,Намыс,Ата-Мекен"аттуу 5-9 класстын эркек балдары арасында таймаш өткөрүлдү.Таймашка окуучулар активдүү катышышты.Жеңүүчү болуп "Ракета" командасы табылды.

8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата «Жакшы кыз жакадагы кундуз»аттуу майрамдык сынак,«Менин алтын апам»класстык саат,«Апакем» сүрөт конкурстары өткөрүлдү.Иш чаранын максаты кыздарды келечеке турмушка, жөндөмдүүлүккө, эстетикага тарбиялоо.

-08.04.20ж.7 апрель окуясы боюнча класс жетекчилер «Келечек үчүн көз жумган эр азаматтар!» аттуу тарбиялык ачык саттарды өткөрүштүОшондой эле “7-апрель окуучулардын көз карашында”аттыуу сүрөт көргөзмөсү болду.

З.Кадыркулова атындагы орто мектебинде 12 апрелинде саат 10:00дө дене тарбия мугалими Кенешбек уулу Уланбектин жетекчилиги алдында жалпы мектеп боюнча Өзгөчө кырдаал учурда чыгууну машыктыруу максатында билдирүү белги берилип, кошумча эшиктер аркылуу белгиленген аянтчага 1 минут 20 секунддун ичинде мектеп окуучулары жана мугалимдер жамааты чыкты. Өз убагында мектеп ичинде өрт коопсуздукту сактоо бригадасы (8 класс) жана санитардык кызматкерлер (9 класс) жоопкерчилик менен милдеттерин аткарышты.

5- класстын класс жетекчиси Кайпаева З. “Жер титирөө” деген темада сабактан тышкаркы ачык сабак өттү.Бул сабакта 5-класстын окуучулары, окуучуларга жер титирөө боюнча өзгөчө кырдаал мезгилде коопсуздукту сактоо боюнча маалыматтарды,ошондой эле тартып келген сүрөттөрүн презентациялап беришти.

2-класстын жетекчиси Шакеева Ж.Э. окуучулары менен ачык сабакта . «өрт тилсиз жоо» деген темада сабактан тышкарκы ачык сабак өттү. Бул сабакта окуучулар от эмнеси менен коркунучтуу экенин жана өрткө каршы кандай чараларды колдонуу керек жана өрт учурунда эмне кылуу керек экендигин, окуучулар түшүндүрүп көрсөтүп беришти.

Кенешбек уулу Улан 7-класстын окуучулары менен “Жаракат алганда биринчи жардам” кантип көрсөтүү керек экенин айтып,көрсөтүп беришти.

Жалпы окуучуларга аягында суроолор берилип.коргонуунун себептерин,максаты.жардам көрсөтүү боюнча түшүнүктөрү текшерилип жалпысынан машыгуу “жакшы”деп белгиленди.

-13.04.21ж.-25.04.21ж. «Чебер колдор» ийриминин жетекчиси Дунганаева Д.Т. окуучуларга «Мен жасай алам» аттуу колдон жасалган буюмдар конкурсу өткөрүлдү. Конкурска окуучулар активдүү катышышып,окуучулардын өз колунан жасаган буюмдары көргөзмөгө коюлду.Жиберилген сүрөттүн негизинде мугалимдер баалашып,жыйынтыгында 1-орунга 8-класстан Болотбекова А,2-орунга 9-класстан Токтогазыева А,3-орунга 7-класстан Оруспаева А.жеңүүчү болушуп грамота менен сыйланышты.

-22.04.21ж. «Жер күнүнө» карата: «Кыргызстандын кен байлыктары,тоолору»,«Кыргызстандын жаратылышы» деген темада башталгыч класс сабактар өткөрүлдү.Анда Кыргызстандын кен байлыктары,жаратылышынын кооздугу боюнча сүрөттөр чагылдырылып,ыр түрүндө даңазалап беришти.

-23.04.21ж. «Китеп күнүнө» карата:4-класс «Менин сүйүктүү китебим» Исанова Л.Д., 8-класс «Китеп билим булагы» Аккабакова А.Т. Китеп боюнча сүрөттөрдү,ырларды камтыган сабактарды эң жакшы денгээлде өткөрүштү.

24.04.21ж.-30.04.21ж.аралыгында

6-класс«Кыргызстандын кооз жерлери»Дунганаева Н.Т. ,

5-класс «Экологиялык кризис-адамзаттын глобалдык проблемасы»Кайпаева З.,

9-классДжурсуналиева В.Т. «Эмгек кылсаң жашыңдан,дөөлөт кетпейт башыңдан» аттуу саякат сабактарды өткөрүштү.Анда Кыргызстандын кооз,керемет жерлерин сүрөт,видео,Кыргызстанды даңазалаган ырлар аркылуу көрсөтүштү.
-30.04.21ж. 1-Май эмгекчилердин эл аралык күнүнө карата Класстык саттар, куттуктоолор,слайддар даярдалды.

-4.05.21ж. 5-май −Конституция күнү карата:
Жалпы мектеп окуучуларына «Мен Кыргызстандын атуулумун» аттуу тарбия сабакты уюштуруучу Кайпаева З. уюштуруп өттү.
-9-Май «Улуу Жеңиш майрамына 77-жыл» З.Кайназарова айыл өкмөтүндө уюштурулган митингке мектеп директору Атантаева А.Б.Дунганаева Н.Т.,Кайпаева З.С. жетекчилигинин алдында окуучулар барып катышып,келишти.
11.05.21ж.-16.05.21ж. «Жугуштуу оорулардан кантип сактанабыз?» деген 2-9класстар арасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү

09.06.21ж. «Акыркы коңгуроо» салтанаттуу линейканы уюштуруучу Кайпаева Замира саат 9:00 алып барды.Куттуктоого мектептин директору Атантаеава А.Б.,окуу тарбия бөлүмүнүн башчысы Шакеева Ж.Э.,З.Кайназарова айыл өкмөтүнүн тарабынан Сатыбалдиева К.А.,ардагер мугалимдер,ата-энелер бүтүрүүчүлөргө каалоо тилектерин айтышып,жакшы окуган,коомдук иштерге активдүү катышкан окуучулар жана мугалимдер грамоталар менен сыйланышты.
1-Июнь Балдарды коргоо күнүнө карата мектеп мүдүрү Атантаева А.Б. куттуктоо сөз сүйлөп,балдарга кең келечек каалап өттү.Башталгыч класстын окуучуларына «Бактылуу балалык»аттуу темада сүрөт,ырлар даярдалып, өткөрүлдү.З.Кайназарова айыл өкмөт тарабынан балмуздак таратылып берилди.

Директор: Атантаева А.Б.
Уюштуруучу: Кайпаева З.С.